

**№9 А.орозбеков атындагы орто мектебинин 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө арналган иш чаранын маалыматы.**

А.Орозбеков атындагы орто мектебинде 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө арналган жумалык өткөрүлдү. Жумалыктын ачылышын 2-апрель күнү китепканачы жана 4 а класстын окуучулары ачышты. 4-а класстын окуучулары китептин тарыхын, китеп жөнүндө ырларды жана "Эки китептин маеги" деген сахналаштырууну көрсөтүштү. Линейкага бардык биринчи жана экинчи смендин окуучулары катышышты. Китеп күнүнө карата 4-класстар арасында даярдалган дубал гезиттер, 2-4 класстар арасында китепчелер сынагы, "Менин сүйүктүү каарманым" деген темада 1-4 класстар арасында конкурстун жыйынтыгы чыкты. Жыйынтыкты чыгаруу үчүн атайын комиссия түзүлүп, орундар берилди, грамоталар жазылды.








**Дубал гезит боюнча:**

I орун 4 а класс кл.жетекчиси Арапова Г.

II орун 4 в класс кл. жетекчиси Мусаева З

III орун 3 а класс кл. Жетекчиси Халбекова А

**Китепчелер сынагы боюнча:**

I орун 4 а, 3 б класстар президенти Апсатарова М. Тагаева .К

II орун 3 г, 4 в класстар окуу сектору Абдигапаров У

III орун 2 б класс Алишер уулу Билал

Активдүү катышкандар: 1а, 1б, 1в, 2 б,3 а, 3 б класстары.

21-апрель күнү Көркөм окуу сынагы, "Менин сүйүктүү жазуучум" деген темада ыр, монолог, чыгармадан үзүндүлөрдү 1-4 класстардын окуучулары активдүү катышып аткарып беришти.

23- апрель "Китеп окууга убакыт" сынагы 1-4 класстар арасында өткөрүлдү. Ар бир класс жетекчилерге китепканачы тарабынан USAID фондусунан келген китептер таратылып, окуучулар китептерди окушту.

Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата жумалыктын жыйынтыгы

23-апрель күнү белгиленди. Китепканачы тарабынан даярдалган грамоталар тапшырылып, окуучуларды китепти көп окууга , туура жана таза колдонууга чакыруу иштери жүргүзүлдү.

Китепканачы: Абдилатова Ч